4. Кирешелер жана чыгашалар боюнча жергиликтүү бюджеттин негизги параметрлерине берилген божомол 2019-жылга карата 11191,1 миң сом суммасында, 2020-жылга карата 11325,5 миң.сом болуп жактырылсын.
5. Жергиликтүү бюджеттин чыгашаларын 2018-жылга карата каржылоо келип түшкөн фактылуу кирешелердин чегинде жүргүзүлүп, аны менен бирге эң биринчи кезекте коргоодо турган беренелер боюнча (айлык акы, соцфондко жиберилүүчү которуулар, тамактануу, коммуналдык тейлөө) каржылоо жүргүзүүлөрү белгиленсин. Чыгашалардын коргоодо турган беренелери штаттык эсептеги вакансияларга жараша жана нормативдик актылардын кабыл алынышы боюнча кыскарып кетиши мүмкүн.
6. Кочкорбаев айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетинин айланууда туруучу кассалык накта каражаты 2018-жылдын 1-январына карата 30,0 миң сом болуп бекитилсин.
7. 2018-жылы Кочкорбаев айыл өкмөтүнүн башчысына артып калган бош каражаттын эсебинен, божомол боюнча түшкөн кирешенин үстөгүн, кирешелердин чыгашалардан ашып кеткенинин эсебинен бекитилген бюджетке өзгөртүүлөрдү жана тактоолорду киргизүү укугу берилсин.
8. Каржы-экономикалык бөлүмүнүн башчысы жергиликтүү бюджетти аткаруу учурунда киреше бөлүгү ашыгы менен аткарылса, анда үстөк каражаттарды Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан коюлган социалдык көйгөйлөрдү чечүү маселелерине, улуттук жана мамлекеттик программаларды жүзөгө ашырууга, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомдорун, жергиликтүү мамлекеттик администрациясынын токтомдорун аткарууга, мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлерди колдоого, коммуналдык тейлөөлөрдөгү карызды жабууга жумшалуусун, эгер муктаждык пайда болсо, өзгөчө кырдаалдын кесепетин жоюуга, жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарына убактылуу каржылык жардам көрсөтүүгө, ошондой эле мындан тышкаркы сатыктарга жана чыгашаларга иштетилишин алдын ала мерчемдөөсү зарыл.
9. Каржы-экономикалык бөлүмүнүн башчысы тарабынан Кыргыз Республикасынын каржы Министрлигинин Ысык-Ата башкармалыгына 2018-жылга карата чыгашалардын сметасы жиберилсин.
10. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Кочкорбаев айылдык Кеңешинин бюджет жана каржы боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

Төрага: А. Албекенов